И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети менен К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д 10.19.594 диссертациялык кеңешинин эксперти д.ф.н., проф. К.Зулпукаровдун Д.И.Алтаеванын «Кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтор жана алардын лингвистикалык парадигмасы» аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган изилдөө ишине

КОРУТУНДУ ПИКИРИ

Корголо турган диссертациянын адистигинин диссертациялык кеңештин багытына тиешелүүлүгү. Эмгек кыргыз тилинин материалында ушул тилде аткарылган. Ошондуктан ал 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча корголсо болот.

Теманын актуалдуулугу. Проблема кыргыз тил билими үчүн зарыл. Анткени ушул учурга чейин тилдеги жардамчы атоочтор (ЖА) өзүнчө атайын, терең иликтене элек, алардын грамматикалык-функционалдык мааниси толук, ар тараптан ачылбаган болучу. Анын үстүнө булардын семантикалык кызматы, түрлөрү кенен талдоону талап кылып, учурдагы грамматикалык теориялардын алкагында сыпаттоого өтө муктаж. Жардамчы атоочтордун теги, пайда болушу, өнүгүшү, маанилик жактан байышы, калыптанышы да өзүнчө изилдөөнү талап кылып турат. Ошондуктан иштин темасынын илим үчүн зарылдыгы шек туудурбайт.

Изилдөөдө алынган илимий жаңылыктар бир кыйла. Аларга 1) жардамчы атоочтордун (ЖА) түркологияда изилдениш тарыхынын талданышы (1.1, 1.2); 2) ЖАдун кыргыз тилиндеги грамматикалык-лексикалык парадигмасынын жиктелип аныкталышы (2.1., 2.2.); 3) ЖА менен жандоочтордун өз ара карым-катышынын ачыкталып берилиши (2.3.); 4) ЖА сөздөрдүн семантикалык жаңы классификациясынын иштелип чыгып сунушталышы (3.1., 3.2.); 5) ЖАдун курамына толук өтө элек сөздөрдүн курамын аныкталып берилиши кирет (3.3.).

Демек, изилдөөдө бир кыйла жаңы илимий натыйжалар алынган жана алар негизделип сунушталган.

Жыйынтыктардын, корутундулардын илимий жактан негизделиши, далилдениши:

1-жыйынтык анчейин деле негизделген эмес, анткени бул натыйжа жалпылоо, серептеп берүү өңүтүндө аткарылган;

2-жыйынтык өзүнүн жаңылыгы, орчундуу маселелерди көтөрүп чечмелеши менен баалуу, диссертант өз пикирин, сунуштарын конкреттүү фактылардын негизинде кенен аргументтей алган; парадигма терминин колдонулушу да, пайдаланылышы да ынанымдуу;

3-жыйынтык далилдүү; көптөгөн мисалдардын негизинде зат атоочторду, жөндөмө формаларын коштоп жүргөн ЖА менен

15-10-19

жандоочтордун позициялык, семантикалык, грамматикалык жалпылыктары кенен сыпатталып, айырмачылыктары да негиздүү, ишеничтүү белгиленген;

4-жыйынтык өзгөчө көңүлдү бура алат, иште берилген ЖАдун түрлөрү, семантикалык топтору ажыратылып, логикалык жактан, илимий-грамматикалык жактан дурус аткарылган;

5-жыйынтык нагыз ЖА менен «чала», эми калыптанып келе жаткан сөздөрдүн курамы бир кыйла ишенимдүү тастыкталган, келтирилген мисалдары, булардын бөлүнүштөрү ишеним туудурат.

Сунушталган жыйынтыктардын жаңылык деңгээли:

1-жыйынтыктын жаңылык деңгээли өтө эле төмөн, обзор катары айрым жаңы адабияттардын көрсөтүлүшү гана көңүлгө аларлык.

2-жыйынтык жаңы, анткени иште ЖАдун жаңы парадигмасы иштелип чыгып, алардын курамы ири грамматикалык бүтүндүк катары берилген.

3-жыйынтык дагы жаңы, мында ЖА менен жандоочторун корреляциясы түркологияда биринчи жолу терең сыпаттоого ээ болгон.

4-жыйынтык жаңы: иште ЖАдун жаңы, негиздүү классификациясы сунушталган.

5-жыйынтык дээрлик жаңы: түрк тилдеринин грамматикаларында ЖАга толук өтө элек, арабөк сөздөрдүн функционалдык касиеттери бир кыйла белгиленген.

Изилдөөдө жетишилген жыйынтыктардын, сунушталган идеялардын теориялык жана колдонмо багыттарга тиешелүү маселелерди чечүүдөгү баалуулугу. Изилдөөдө алынган натыйжалар сөз түркүмдөрүнүн теориясын калыптандырууга, аларды изилдөөгө кыйла салым кошот. Иш ЖА тобуна кирген сөздөрдүн этимологиясын, функцияларын, семантикалык чөйлөлөрүн кенен аныктоого жол ачат.

Изилдөөнүн материалдары ЖОЖдордо, орто атайын жана жалпы билим берүүчү мекемелерде грамматиканы үйрөтүүгө өбөлгө түзөт, окуучулардын ЖА тайпасындагы сөздөрдү өздөштүрүүгө жаңы факты-материалдарды сунуштайт.

Мындагы айрым ойлор түрк тилдеринин салыштырма грамматикасынын моделин өзгөртө, байыта алат.

Диссертациядагы жыйынтык, корутундулардын практикалык мааниси. Иштеги айрым сунуштар сөздүктөрдө берилген ЖАдун белгилерин тактоого мүмкүндүк берет. Лексикографияда тактооч катары каралган сөз формалары эмгекте ЖА деп негиздүү мөнөздөлөт. Мындагы жоболор, ык-методдор студенттердин квалификациялык иштеринде, магистрлик жумуштарды, морфологиянын түзүлүшүн тактоодо колдонулат.

Изилдөө жоболорунун, жыйынтыктарынын, корутундуларынын жарыяланышы. Иштеги табылгалар, жаңы натыйжалар толук жарык көргөн. Автор 13 макала басып чыгарган:

1. Алтаева, Д. И. Түрк тилдериндеги жана кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтор [Текст] / Д. И. Алтаева // “Türk Dünyasında muhtemel işbirligi

alanları" аттуу Түрк дүйнөсүнүн VIII эл аралык илимий-практикалык конференциясынын макалалар жыйнагы. – Стамбул, 2011. – 1019-1026-б.

2. Алтаева, Д. И. Жардамчы атоочтор [Текст] / Д. И. Алтаева // К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин жарчысы.- 2012. - №3 (23). – 178-180 б.

3. Алтаева, Д. И. Жардамчы атоочтордун изилдениш абалынан [Текст] / Д. И. Алтаева // К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин "Кыргыз тили жана адабияты" журналы. – 2012. (21). – 28-30-б.

4. Алтаева, Д. И. Жардамчы атоочтор жана жандоочтор: жалпылыктары, айырмачылыктары [Текст] / Д. И. Алтаева // К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин жарчысы. – 2015. - №2 (32). – 41-43-б.

5. Алтаева, Д. И. Жардамчы атоочтордун лексика-семантикалык топтору жана алардын сүйлөм ичинде берген маанилери [Текст] / Д. И. Алтаева // К. Карасаев атындагы Бишкек университетинин жарчысы. – 2015. - №2 (32). – 54-57-б.

6. Алтаева, Д. И. Кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтордун изилдениш абалы [Текст] / Д. И. Алтаева // С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин жарчысы. – 2016. - №4. – 174-177- б.

7. Алтаева, Д. И. Исследование вспомогательных имен в тюркском языке [Текст] / Д. И. Алтаева // Международный научный журнал "Путь науки". – Волгоград. 2016. - №9 (31). – 11-13 с.

8. Алтаева, Д. И. Түрк тилдериндеги жардамчы атоочтордун изилдениш абалы [Текст] / Д. И. Алтаева // "Түрк дүйнөсүндө илимий изилдөөлөр" аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциясынын макалалар жыйнагы. – Жалал-Абад, 2016. – 53-55 - б.

9. Altaeva, D. I. Researcnes of prepositlons in Kyrgyz Language [Текст] / D. I. Altaeva // Scientific Edition Published bu RS Clobal. № 3(10), March 2018. vol.7

10. Алтаева, Д. И. Жардамчы атоочтордун лексика-грамматикалык категория катары калыптанышы [Текст] / Д. И. Алтаева // "Региональная наука-региональной экономике" посвященной 75-летию КирФАН (НАН КР) и "2018 год-год развития регионов КР". - Жалал-Абад, 2018.

11. Алтаева, Д. И. Жардамчы атоочко толук өтө элек сөздөр [Текст] / Д. И. Алтаева // "Региональная наука-региональный экономике" посвященной 75-летию КирФАН (НАН КР) и "2018 год- год развития регионов КР". – Жалал-Абад, 2018.

12. Алтаева, Д. И. Лексико-грамматические категории служебных имен [Текст] / Д. И. Алтаева // Мир современной науки. – Москва. 2019. - №2. – 44-48 с.

13. Алтаева, Д. И. Некоторые особенности служебных имен в тюркском языке [Текст] / Д. И. Алтаева // Мир современной науки. – Москва. 2019. - №2. – 49-52 с.

Буларда РИНЦ системасына кирген 3 макала бар.

Автореферат мазмунунун диссертацияга шайкештиги. Автореферат иштин мазмунун кыскача чагылдырат. Ортосунда принципиалдуу айырма, дал келбөөчүлүк байкалбайт.

Диссертацияда байкалган кемчиликтер. Мында бир кыйла солгун, чийки көрүнүштөр, фактылар байкалат.

1. Изилдөөнүн аталышындагы *лингвистикалык парадигма* термини анын мазмунуна толук дал келбейт. Анткени иште грамматикалык парадигма гана берилген. ЖА – морфологиялык топ, синтаксисте толук мүнөздөмөгө ээ болот. Муну лингвистикалык парадигма десек, бөлүктүн ордуна бүтүндүк колдонулуп калгандай таасир калтырат. Эми, албетте, өзгөртүүнүн кажети жок.

2. Иштин максаты – «кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтордун изилдениш абалына жана лексика-грамматикалык жактан топторго бөлүнүштөрүнө, тилде жаңыдан жарала баштаган жардамчы атоочторго толук өтө элек сөздөрдүн тобун белгилөө менен катар, жандоочтор менен жалпылыктарын, айырмачылыктарын аныктоо» (7-б.). Бул бир бүтүндүк болбой калган. Максат майдаланып кеткен да, милдет түрүндөгү эки бөлүктөн турат: *менен катар* дегенге чейин бир милдет (*белгилөө*), кийинки бөлүгү – бир милдет (*аныктоо*). Буларды камтый турган ири блокту, мисалы, «кыргыз тилиндеги жардамчы атоочторду учурдагы грамматикалык теориянын жетишкендиктеринин негизинде комплекстик түрдө сыпаттоо» деп берсе, максат тыкан жана бүтүн болуп чыкмак.

3. Иште материалдарды баптарга бөлүштүрүү, баптардын аталыштары да тактоону, өзгөртүүнү талап кылат. Экинчи бапта логика бузулган. ЖА – өзүнчө категория, өзүнчө топ. Бирок диссертант алардын «лексика-грамматикалык категориялары» жөнүндө сөз кылат. Категориянын ичинде категория кандай болот? Атооч сөз түркүмдөрү – категория. Зат атооч – категория. Анын курамындагы ЖА – категория. ЖА ичинде кайсы категориялар болмок? ЖАКтын талабына ылайык 1-бапты «Жардамчы атоочтордун жалпы курамы жана аларды изилдөөнүн ык-методдору» деп же ушуга жакын түрдө шөкөттөө зарыл. Мында үч параграф бар. Буга бир кошумча параграф (*методдор жөнүндө*) кийирүү сунушталат.

3-баптын аталышын да түзөтүү зарыл. Аны «Жардамчы атоочторду изилдөөдөн алынган жаңы натыйжалар» же «Жардамчы атоочторду грамматикалык өңүттө сыпаттоонун жаңы натыйжалары» деп берүү талапка ылайык.

4. Иштин объектиси менен предмети (8-б.) милдет түрүндө берилип калган (*талдоо жүргүзүү, ачып берүү*). Алар субстантивдик түрдө бериш керек: объект – тилдеги жардамчы атоочтор, предмет – ЖАдун түзүлүшү жана семантикалык түрлөрү го. Буларды диссертацияда эмес, автореферaттын резюмесинде эле берип жүрүшөт.

5. Коргоого коюлган жоболор такталыш керек. 1-жобо менен 2-жобо милдет түрүндө берилип калган. Жобо – изилдөөнү талап кылган, тастыктоого муктаж пикир же сүйлөм. Мисалы, *кыргыз тилинин морфологиясында ЖА менен жандоочтор даана жиктелбейт, алар кээде*

чатыш каралып жүрөт. Буларды айкын ажыратуунун критерийлери бар. Жобо менен милдет бирдей болбойт.

6. ЖАдун кайсы бир түрүн атаганда көркөм адабияттан бир нече мисал келтирилет. Бирок булардын сыпаттоосу, талдоосу, түшүндүрмөсү, чечмелөөсү жок (86-106 ж.б. беттер). Баары эле бирдей каралып калган. **Сүйлөм-мисалдардын жыйындысы изилдөө эмес.** Жыйноо, топтоштуруу бар, талдоо, салыштырып анализдөө байкалбайт. Айрым беттерде жалаң гана Ч.Айтматовдон үзүндүлөр шыкалып калган (94-100 ж.б. беттер). Анда параграфтар башкача аталышы керек эле. Мисалдарды курсив менен берсе, изилдөө курсивдик текстти түзүп калмак. Башка авторлордо ЖА жокпу?

7. Диссертант жекече алган жаңы натыйжалар дурус эле. Алар обочолонуп өзүнчө параграфта же корутундуда атайын берилбей калган.

8. Иште техникалык мүчүлүштөр арбын. Мукабада УДК кош чекитсиз берилет. *Илимий жетекчи* сөз айкашынан кийин сызыкча (тире) кетет. *Диссертация* сөзү өзүнчө сапка ири шрифт менен берилет. Мазмунда баптар ири шрифт менен белгилениши жакшы, текстте да алар ушундай шөкөттөлүшү зарыл. Баптардын аталышын өзгөртүү абзел. Параграфтардын аттарын да оңдоо керек: *Заттын арка жагына багытталган жардамчы атооч: арт(ы), арка* (3.1.4.). Ушул туурабы? Бул аталышта ыксыз дубляж бар: *арка жагына, арт (ы), арка* (тантыктык!), эки кыл шөкөттөө – бир ЖАду таандык мүчө менен, экинчисин баштапкы түрдө (*аркасы* эмес!) берүү - калпыстык. Жардамчы атооч жекелик түрдө, ал эми аны эки мисал менен бышыктайт. Бул пункт үчүн туурасы – жардамчы атоочтор: *арт* (*ы*), *арка.* Ушул шайкешсиздик кимге керек? Бул параграфты (башкаларын да) «*Денотаттын (заттын/субстантивдин) арка жагын туюнткан жардамчы атоочтор*» деп эле берсек туура болмок.

Айрым учурда жалпы тил билими жөнүндө сөз болот (12-б.). Бирок тиешелүү фактылар жок. Көп учурда дефис менен тире бирдей коюлуп калган: *X – XIII* (туурасы: *X-XIII*), *1952 – жылы* (туурасы: *1952-жылы*). Кээде *М.:*, кээде *М:* түрүндө жазылат. *ЯНСССР* (*ЯН СССР*), «Язык народов СССР» (туурасы: *языки*) (30-б.). Иште орфографиялык жана пунктуациялык каталар өтө көп. Буларды тыкыр текшерип, оңдоп чыгуу керек.

Нумерация учурунда сандан кийин чекит коет (42, 43, 45, 46 ж.б. беттерде). Бул туура эмес: чекиттен кийин кичине (саптык) тамга жазылбайт. Ар бир пункттан ажыратуу белгиси (үтүрлүү чекит) коюлат. Мисалдар демейде курсивдик арип менен белгиленет. Кээде интервал туура эмес коюлган (53-б.). Текстте баптардын аталышын ири тамгалар менен көрсөтүү абзел.

Изилдөөлөрдү тизмелөөдө баш аламандык кетирилет, хронологиялык принцип сакталбайт: Гиганов, Казем-Бек, Мелиоранский (12-б.), Мелиоранский, Казем-Бек, Гиганов (53-б.), Гиганов, Троянский, Сенковский, Казем-Бек, Старчевский, Мелиоранский (128-б.). Түрк тилдериндеги ЖАдун салыштырма таблицасы жок. Мисалы, *аст-* уңгусу аз., алт., балк., башк. ж.б. тилдерде сыяктуу. Бир ЖА кайсы бир тилдерде бар, экинчилеринде жок эмеспи. Мисалдар көп учурда айрым ЖАда *аст(ы), арт(ы)* деп варианттуу

берилет. Үңгу мында *аст-, арт-* гана! Айрымдарында таандык мүчө көрсөтүлбөйт: *түп, жан,* булар эмне үчүн *түб(ү), жан(ы)* түрүндө келтирилбейт? Автор бир критерийди жетекчиликке албаган (83-85 ж.б. беттер). Дмитриевдин «жардамчы атооч» терминин киргизүүсү (129-б.) ынанымсыз, ал орусча ат берген го! Окумуштуулардын фамилиялары кээде инициалдары менен, кээде буларсыз эле берилет (129-б.). Бир кылка болуу керек.

Ошентип, иште бир топ кемчилдиктер, мүчүлүштүктөр кездешет. Буларды ыкчам эле жоюуга болот: диссертациянын пайдубалы, материалдары жетишээрлик. Кемчилдиктерди түзөткөндөн кийин ишти коргоого сунуштаса болот.

Жетектөөчү мекемени жана расмий оппоненттерди бекитүү боюнча сунуштун негизделиши. Бул иш боюнча

1) **жетектөөчү мекеме** катары Кыргыз-түрк "Манас" университетинин түркология бөлүмүн бекитүүгө болот; бул бөлүмдө семасиология, грамматика боюнча филология илимдеринин доктору, диссертациянын багыты боюнча илимдин кандидаттары эмгектенет;

2) **биринчи расмий оппонент** катары филол.и.д., проф. К. Зулпукаров сунушталат; бул окумуштуунун дагы кыргыз тилинин грамматикасы боюнча орунтуктуу натыйжаларга ээ эмгектери бар:

1. Падежная грамматика: теория и практика. – СПб. – Ош, 1994. – 317 с.
2. Введение в русскую казусологию. – Бишкек, 2001. – 169 с.
3. Жупташ сүйлөмдөрдүн трансформацияланышы жана компрессияланышы. – Эл агартуу, 2001. № 5-6. 53-69-б.

3) **экинчи расмий оппонент** катары филол.и.д., доцент Г.Т. Жаманкулованы сунуштоого болот, анын семасиологияга жана грамматикага тиешелүү бир нече эмгектери бар:

1. Азыркы кыргыз тилинин синтаксиси. – Бишкек, 2014.
2. Байыркы кыргыз тили. – Бишкек, 2016.
3. Алтай тектүү элдердин цивилизациясы. – Бишкек, 2018.

Ошентип, Д.И. Алтаеванын диссертациясын жогоруда көрсөтүлгөн **кемчилдиктерди жоюу шарты менен** коргоого сунуштоого болот.

Д 10.19.594 диссертациялык кеңешинин

эксперти, филол.и.д., проф. К.З. Зулпукаров

К. Зулпукаровдун колун тастыктаймын

ОшМУнун окумуштуу катчысы, доц. М.Т. Байсубанов

Диссертациялык кеңешке 2019-жылдын 26-ноябрында келип түштү.
Р. Ким

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д 10.19.594 Диссертациялык кенешинин эксперттик комиссиясынын мүчосү, филология илимдеринин доктору, профессор З.К.Караеванын Алтаева Динара Исаковнанын "Кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтор жана алардын пардигмалары" аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине берген

КОРУТУНДУ ПИКИРИ

Кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтор жана алардын лингвистикалык парадигмасы деген теманы иликтөө кыргыз тилчилеринин кызыгуусун туудурарында шек жок.

I. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу тууралуу.

Бүгүнкү кездеги жалпы тил илиминде же кыргыз тилиндеги жардамчы атточтор жонундогу маалыматтар бутүн бир системанын элементи катары, өзгөчө сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүүдө изилдөө өтө маанилүү орунду ээлеп турат. Учурда тилдик багытта жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө бул темага өзгөчө көңүл бурулуп, аларга байланышкан маселелерге иликтөө толук жүргүзүлгөн эмес.

Тил илиминдеги бул сөз болуп жаткан багыттагы изилдөөлөрдүн талашсыз маселеси катары кабыл алуу пайдалуу жана табыйгый нерсе деп эсептейм. Маселени мындай тарыхый жана азыркы нукта чогуу кароо сөз түркүмдөрүнүн сакталышы, аларды классификациялоо менен уюшулушунун өзгөчөлүгүнө байланышкан маселелердин жаңыча каралышы диссертант изилдөө ишинин актуалдуулугун ырастап турат. Жалпы тил илиминде, анын ичинде кыргыз тил илиминде бул темага кайрылып, анын парадигмаларын табуу алгач ирет изилдөө ишинин объектисине тартылып жатат. Мына ушулардын бардыгы изденүүчү Алтаева Динара Исаковнанын диссертациялык ишинин темасынын актуалдуу экендигине далил боло алат.

17-10-19

Диссертациялык кеңеште корголо турган кандидаттык диссертациянын адистикке тиешелүүлүгү.

Алтаева Динара Исаковнанын «Кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтор жана алардын парадигмалары « деген темада филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация кыргыз тили адистигинин адистигинин профилине дал келет.

II. Диссертацияда келтирилген сунуштардын, чыгарылган жыйынтыктардын жана корутундулардын илимий жактан негизделиши.

Изденүүчүнүн диссертациялык ишиндеги илимий жыйынтыктар, корутундулар далилдүү фактылар, мисалдар аркылуу ишенимдүү негизделген. Ал жыйынтыктар жана корутундулар илимий-теориялык булактардан алынган маалыматтар төмөнкү изилдөөчүлөрдүн иштерине негизделген. Кыргыз тилинде бул тема К. Тыныстановдон баштап Э. Арабаев, К. Бакеев, Д. Исаев, Ж.Мураталиева, А. Карымшакова жана түрк тилдерин изилдөөчүлөр П. М Мелиоранский, В. А. Гордлевский, Н. К. Дмитриев, өзбек тили боюнча Ш. Ш. Шаабдрахманов, казак тили жардамчы атоотуктар боюнча изилдөөчү В. А. Исенгалиеванын, А. Н. Кононовдун, Н.А. Баскаковдун, дагы ушулар сыяктуу окумуштуулардын эмгектерине таянуу менен автордун жеке өз көз карашынын негизинде чыгарылган.

Изденүүчү Д. И. Алтаева кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтор жөнүндөгү илимий факты-материалдарга таянуу менен алардын парадигмаларын кенен изилдөөгө жетишкен жана далилдүү иликтөөгө алгандыгы ачык көрүнүп турат.

III. Диссертацияда чыгарылган ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун жацылыгынын деңгээли.

1- жыйынтык. Толук эле жаны десек жанылышпайбыз, себеби, буга чейин кыргыз, түрк тилдеринде жардамчы атооч маселесине тиешелүү теорияларды

анализдөө аракеттери жасалган, мындай парадигмаларды ийне жибине чейин тактоо менен семантикалык тайпаларга бөлүштүрүү кыргыз тил илиминде биринчи жолу ушул изилдөө ишинде болуп жатат.

1 - **жыйынтык.** Бул изилдөө иши жаңы, себеби, кыргыз тил илиминде парадигмаларын, семантикалык тайпаларын изилдөө боюнча биринчи жолу бөлүнүп берилип жатат.

2 - **жыйынтык** жаны, себеби кыргыз тилинин морфологиясын изилдоо өзөктүү маселелрин ачып бере алгандыгы корунуп турат, жаны маалыматтар берилген.

3 - **жыйынтык толук жаңы эмес.** Кыргыз тилиндеги жардамчы атоочторду лексико-семантикалык категория катары карагандан кийин, алардын борбордук жана борбордук эмес каражаттарын белгилеп койгондо тагыраак болуп калмак.

4 - **жыйынтык.** Жаңы, себеби, кыргыз тил илиминде биринчи жолу жардамчы атоочторду лексика-грамматикалык категория катары карап, структуралык жана семантикалык өнүттөн толук изилдей алган.

Изденүүчү Д. И. Алтаеванын диссертациясындагы жоболору, жыйынтыктары тилдеги актуалдуу маселелерди практикалык жактан изилдөө менен бирге ушул эле теманын базалык теориялары менен байланыштырылган. Алынган жыйынтыктар өз ара байланыштуу, практикалык сунуштары теориялык жоболордун негизинде түзүлгөн. Диссертация аталган проблема боюнча бир ички бүтүндүккө бириктирилген бир нече илимий жаңылыктарды жана жоболорду камтыйт жана булардын баары кыргыз тил илимине кошкон автордун жеке салымын күбөлөп турат.

IV. Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу.

Алынган жыйынтыктардын морфологияда, атап айтканда, кыргыз тилинин грамматикасын жаны денгээлде карап чыгууга шарт түзөт.

Ошону менен бирге, бул изилдөө ишинин материалдары «Морфология», «Тил илими», «Тил илиминдеги азыркы багыттар», «Тил илиминин актуалдуу маселелери», «Котормонун теориясы жана практикасы» курстарын жана ошондой эле кыргыз тилинин морфологиясын окутуунун практикалык иштеринде пайдаланса болот.

V.Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана натыйжаларынын жарыяланышы.

Диссертациянын мазмуну автордун 8 макалаларында толук чагылдырылган. Изденүүчүнүн айрым илимий макалалары Жогорку Аттестациялык комиссиясы тарабынан сунушталган РИНЦ басмалары тарабынан жарык көргөн. Ошондой эле диссертант изилдеп жаткан илимий ишине тиешелуу темаларда эл аралык илимий-теориялык конференцияларда баяндама жасаган. Булар диссертациянын негизги мазмуну тууралуу маалыматтардын илимий чөйрөнүн кеңири массасына жеткендигине далил.

VI. Диссертациялык эмгекте учураган мүчүлүштүктөр жана каалолор.

Бул диссертациялык иште учураган айрым мүчүлүштүктөр катары төмөнкүлөрдү көрсөтүп, аларды жакшыртуу максатында айтылган биздин калоолор :

1. Пайдаланылган адабияттардын тизмесине колдонулбаган (бирин-эки) адабияттар кирип кеткен.
2. Корутундуда изилдөөнүн кээ бир натыйжалары толук көрсөтүлбөй калган;
3. Кээ бир техникалык мүнөзгө ээ болгон орфографиялык жана пунктуациялык каталар бар .
4. Андан сырткары диссертация 132 беттен турат, ошондуктан диссертациянын артындагы мисалдар менен парадигмаларды тактап, бышыктап, иштин өзөгүн бекемдөөгө мүмкүнчүлүктү колдонгон эмес.

Бул көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөр иштин жалпы деңгээлине доо кетирбейт. Айтылгандарды диссертант мындан аркы иштеринде эске аларына ишенебиз.

Жетектөөчү мекемени жана расмий оппоненттерди бекитүү боюнча сунуштун негизделиши. Диссертациялык ишке жетектөөчү мекеме жана расмий оппоненттер боюнча сунушубуз төмөнкүдөй.

1) **Жетектөөчү мекеме** катары Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин түркология бөлүмүн бекитүүгө болот; бул бөлүмдө диссертациянын багытына шайкеш грамматика, морфология боюнча адистер, филология илимдеринин доктору, кандидаттары эмгектенишет.

2) **Биринчи расмий оппонент** катары филология илимдеринин доктору, ОшМУнун профессору Зулпукаров Капар сунушталат. Диссертациянын темасына байланыштуу эмгектери бар.

1. Падежная грамматика: теория и практика. –СПб. –Ош, 1994. -317 с.

2. Введение в русскую казусологию. –Бишкек, 2001. -169 с.

3. Жупташ сүйлөмдөрдүн трансформацияланышы жана компрессияланышы. Эл агартуу, 2001. № 5-6. 53-69-б.

3). **Экинчи расмий оппонент** катары филология илимдеринин доктору, Ж.Баласагын атындагы КУУнун доценти Жаманкулова Гүлжамал Төлөгөновна сунушталат. Диссертациянын темасы боюнча эмгектери бар.

1. Махмуд Кашкаринин "Диваны" жана баяндоочтун трансформацияланган формалары. - Бишкек, 2011.

2. Азыркы кыргыз тилинин синтаксиси. – Бишкек, 2014.

3. Байыркы кыргыз тили. – Бишкек, 2016.

4. Алтай тектүү элдердин цивилизациясы. - Бишкек, 2018.

VII. Диссертациянын КР ЖАКтын "Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун" талаптарына ылайык келиши.

Филологиялык илимдердин кандидаты деген илимий даражаны изденип алуу үчүн Алтаева Динара Исаковнанын "Кыргыз тилидеги жардамчы атоочтор жана анын лингвистикалык парадигмалары " кыргыз тилдериндеги

адабияттардан мисал алуу менен жүргүзүлгөн жана аладын парадигмалары аныкталгандыгына байланыштуу диссертациялык эмгеги КР ЖАКтын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына толук жооп берет. Анын автору Д. И. Алтаева бул илимий изилдөө иши үчүн 10.02.01 - кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты деген илимий даражаны алууга татыктуу.

Филология илимдеринин доктору,
профессор Караева З.К.

Д. И. Алтаеванын «Кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтор жана алардын лингвистикалык парадигмасы» деген темада филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн аткарылган диссертациясына (Бишкек, 2019. Адабияттардан тыш 133 бет. Адистиги: 10.02.01 – кыргыз тили)

Пикир

Кыргыз тилинин грамматикасынын жазылып, изилдениш тарыхы XX кылымдын экинчи чейрегинен башталат. Мурда жазылбаган грамматика салты бар тилдерден үлгү алгандыгы белгилүү. Советтер өлкөсүндөгү башка элдердин тилиндей эле кыргыз тили да бир нече жүз жылдык жазма салты бар орус тилинен үлгү алган.

Анан дагы азыркы түрк тилдеринин грамматикасынын жазылып иликтене башташы батыш европалык жана орус лингвисттери тарабынан ишке ашырылып келген. Мына ушундай көрүнүштөр да түрк тилдеринин грамматикасынын жазылышында башка тилдердин үлгү-таасиринде ишке ашкандыгын айтып турат. Ошол себептүү жазыла баштаганына жүз жылга жакын мезгил болуп келатканына карабай кыргыз тилинин грамматикасы орус тилинин үлгү-таасиринен арыла албай иштелип келе жатат.

Дисстертант Динара Исаковна Алтаева азыркы кыргыз тилинин грамматикасынын ушул учурдагы өтө урунттуу (актуалдуу) маселесин козгоп изилдөө жүргүзгөн. Бул жагынан биздин колдообузга татыктуу. Кыргыз тилинде сөздөрдүн лексика-грамматикалык топторго ажыратылышы, лексика-грамматикалык топторго ажыратуунун принциптери дагы деле болсо агглютинативдүүлүктөн чыкпай, флективдүү тилдердин салтына ылайык аныкталып келет.

16-10-19

Диссертант өз ишинин максат, милдеттерин алдыга коюп, аларды аткарууга туура багыт алган. Иш киришүүдөн, үч баптан, корутундудан жана адабияттардын тизмесинен турат. Аягында кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтор деп аталган сөздөрдүн түшүндүрмө сөздүгү тиркелген.

Биринчи бабында жардамчы атоочтор боюнча түрк тилдериндеги изилдөөлөрдүн теориялык өбөлгөлөрүнө токтолот. Бул маселе боюнча жалпы лингвистикадагы көзкараштарга токтолбойт. Мунусун туура деп эсептейбиз, анткени түрк тилдеринен башка тилдерде мындай грамматикалык категория жок. Иликтөөлөрдө изилденип жаткан маселе боюнча карама-каршы көз караштарга олуттуу маани берип, аларга карата өз көз карашын да билдирип жүрүп отурат. Мисалы, жардамчы атоочтордун түркологиядагы "послеположения" (14-б.), "озгөчө атоочтор" (16, 17-б.), "послелоги - имена" (18, 19, 28-б.), "имена неполного изменения" (21-б.) деген сыяктуу ар башка терминдер менен айтылып келгендигин каттап, аларды талдоого алгандыгын айтууга болот. Ошону менен бирге түркологиялык кээ бир эмгектерде "жардамчы атоочтор дээрлик айтылган эмес" (дисс., 30-б.) экендигин да белгилеп өтөт.

Жардамчы атоочтордун кыргыз тилинде изилдениши да бир топ кеңири иликтөөгө алынган.

Диссертациянын экинчи бабы "Жардамчы атоочтордун лексика-грамматикалык категориялары" деп аталып, аларга кеңири мүнөздөмө берилип, кызматчы сөз түркүмдөрүнөн, тагыраагы жандоочтордон айырмачылыктары жана ошолор менен болгон жалпылыктары талдоого алынган. Жардамчы атоочтордун өз алдынча лексика-грамматикалык категория катары калыптанышына кеңири токтолуп, бир топ терең изилдөө жүргүзүлгөн (53-66-б.). Диссертанттын изилдөөлөрү келки-келки болбой, абдан майдаланып, маселенин тереңине жетүүгө болгон аракеттери зор.

Диссертациянын үчүнчү бабы "Жардамчы атоочтордун лексика-семантикалык топтору" деп аталып изилденип, дээрлик бардык жардамчы атооч сөздөргө өз-өзүнчө иликтөөлөр жүргүзүлөт. Алардын ар бири азыркы

кыргыз тилинин мисалдары менен талдоого алынып, тиешелүү жыйынтыктар чыгарылат. Диссертациянын ар бир бабындагы кыска-кыска "жыйынтыктары" менен суу сөздөрдөн арылган кыска жана так корутундусу биздин колдообузга арзыйт.

Кыргыз тил илиминде бул маселенин биринчи жолу атайын лингвистикалык максатта изилденишин, жардамчы атоочтордун өз алдынча лексика-грамматикалык категория катары калыптанышына арналгандыгын **диссертациянын илимий жаңылыгы** деп эсептөөгө болот.

Диссертациялык иш **өз алдынчалыкка** ээ. Изилдеөлөрү, иликтөөлөрү жана талдоолору автордун билим деңгээлинин жетишерлик экендигин көрсөтүп турат. Талапкердин өзүнө гана тиешелүү илимий баяндоо стили калыптанган.

Кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтордун атайын лингвистикалык максатта изилденишинде алардын өз алдынча категория катары калыптанышын ачып бергендиги **диссертанттын жеке салымы** болуп саналат.

Д. И. Алтаеванын изилдөөлөрүнүн **илимий гана эмес, практикалык да баалуулугу** бар. Азыркы кыргыз тилинин морфологиясы боюнча жогорку окуу жайларда лекция окуган адистердин бул диссертациянын жыйынтыктарына сөзсүз кайрылуулары керек. Илимде али чечиле элек, талаш туудуруп келаткан маселелердин милдеттүү түрдө студенттерге сунуш кылынышы керек.

Ошону менен бирге диссертантка айтар анча-мынча каяшабыз бар.

1. Жардамчы атоочтор боюнча кыргыз тилиндеги изилдөөлөр бөлүмчөсүндө бул маселеге кайрылбаган эмгектерге, окуу китептерге да мамилесин билдирип, анын себептерин ачууга далалаттанып, бир аз иликтеп чыкса жакшы болмок.

Диссертациялык изилдөөсүндө автор жардамчы атоочторду өз алдынча калыптанган лексика-грамматикалык категория деп таанып жаткандыктан

бул маселеге атайын бир параграф менен өз көз карашын билдирсе абдан жакшы болмок.

2. Изилдөөчү иштин корутундусунда “түрк тилин изилдеген окумуштуулардын бардыгы практикалык максатты көздөп, орус тилиндеги сөздөрдүн грамматикалык түзүлүштөрүнө карап, түрк тилдериндеги сөздөрдүн грамматикалык түзүлүштөрүн ошол тилдин өзгөчөлүктөрүнө карап аныктоого аракет жасашкан” (129-б.), деп жазат. Бирок, жогоруда изилдөөлөрүндө агглютинация тилдериндеги сөздөрдүн түзүлүшү менен флексия тилдериндеги сөздөрдүн түзүлүшүнүн айырмачылыктарын эске ала берген эмес. Мына ушул маселени карап чыгып, өз көз карашын билдирсе изилдөөнүн салмагы аша түшмөк.

Бирок, канткен менен биз белгилегендер диссертациялык иштин илимий-практикалык баалуулугуна шек келтирбейт. Автор өзүнүн алдына коюлган максатына жете алган, ишти аяктаган иш деп эсептөөгө болот. КР Жогорку аттестациялык комиссия тарабынан коюлган талаптарга жооп берет. Коргоого сунуш кылууга болот.

Жетектөөчү мекемени жана расмий оппоненттерди бекитүү боюнча сунуштун негизделиши. Диссертациялык ишке жетектөөчү мекеме жана расмий оппоненттер боюнча сунушубуз төмөнкүдөй.

1) **Жетектөөчү мекеме** катары Кыргыз-түрк “Манас” университетинин түркология бөлүмүн бекитүүгө болот; бул бөлүмдө диссертациянын багытына шайкеш грамматика, морфология боюнча адистер, филология илимдеринин доктору, кандидаттары эмгектенишет.

2). **Биринчи расмий оппонент** катары филол. илимд. д., ОшМУнун профессору Зулпукаров Капар сунушталат; диссертациянын темасына байланыштуу эмгектери бар.

1. Падежная грамматика: теория и практика. –СПб. –Ош, 1994. -317 с.

2. Введение в русскую казусологию. –Бишкек, 2001. -169 с.

3. Жупташ сүйлөмдөрдүн трансформацияланышы жана компрессияланышы. – Эл агартуу, 2001. № 5-6. 53-69-б.

3). **Экинчи расмий оппонент** катары филол. илимд. д., Ж.Баласагын атындагы КУУнун доценти Жаманкулова Гүлжамал Төлөгөновна сунушталат; диссертациянын темасы боюнча эмгектери бар.

1.Махмуд Кашкаринин "Диваны" жана баяндоочтун трансформацияланган формалары. - Бишкек, 2011.

2. Азыркы кыргыз тилинин синтаксиси. – Бишкек, 2014.

3. Байыркы кыргыз тили. – Бишкек, 2016.

4. Алтай тектүү элдердин цивилизациясы. - Бишкек, 2018.

Ошентип, Д. И. Алтаеванын диссертациясы 10.02.01 –кыргыз тили адистиги боюнча Д 10.19.594 диссертациялык кеңешинде коргоого сунушталат.

Эксперт комиссиясынын мүчөсү, **И. Абдувалиев**

Жалал-Абад мамлекеттик университетинин кыргыз тили кафедрасынын профессору, филология илимдеринин доктору.

*ЖАМУнун профессору, филол. илимд. доктору **Ибраим Абдувалиедин** колун тастыктайбын*

*ЖАМУнун окумуштуу катчысы, пед. илимд. кандидаты **Р. Нусупова**.*

«22» 11 2019-жыл.

КАНЦЕЛЯРИЯ

Диссертациялык кеңешке 2019-жылдын 26-ноябрында келип түштү.